1. Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, этнология жана археология институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д. 07.23.671 диссертациялык кеңештин эксперти тарых илимдеринин доктору, профессор Жакыпбеков Жаныбектин изденүүчү Амантур уулу Эдилбектин "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" деген темадагы 07.00.03 – жалпы тарых адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына берген

## КОРУТУНДУСУ

**1. 07.00.03 – жалпы тарых адистиги боюнча даярдалган иштин Д.07.23.671 Диссертациялык Кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши**

Амантур уулу Эдилбектин тарабынан берилген 07.00.03 – жалпы тарых адистиги боюнча боюнча "XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы" деген темадагы тарыхы илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган кандидаттык диссертациясы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университенин жана Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын Б.Джамгерчинов атындагы тарых, этнология жана археология институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.07.23.671 Диссертациялык Кеңешинин профилине туура келет.

Каралып жаткан диссертацияда XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы, Ислам өлкөлөрүндө пайда болгон жана бекемделген мамлекеттүүлүктүн тарыхын изилденген. Иште чет элдик жана жергиликтүү илимий адабияттар жана архивдик булактарга таянып анализ берилген. Бул маселе 07.00.03 – жалпы тарых адистигинин паспортуна жооп берет.

Изилдөөнүн максаты XX кылымдыгы Ислам өлкөлөрүндө пайда болгон жана бекемделген мамлекеттүүлүктүн тарыхын талдоо, баа берүү болуп саналат.

Максатты ишке ашырууда төмөнкү милдеттер коюлган:

-тарыхнамасын иликтеп, терең жана ар тараптуу талдоо жүргүзүү;

-ислам мамлекеттүүлүгүн изилдөөнүн теориялык негиздерин аныктап, алардын ичинен илимий негиздүүлөрүн, теманы ачып бере тургандарын жана изилдөө контекстине туура келгендерин колдонуу;

-изилденип жаткан теманын объектисин, предметин жана методологиясын так аныктап алуу;

-ислам мамлекеттүүлүгүнүн негизги формаларын изилдөө, алардын айрым өлкөлөрдөгү классификациясын кароо, ислам системасындагы мамлекетти куруунун негизги концепциясынын калыптанышын изилдөө;

-мамлекеттик түзүлүштүн шииттик жана сунниттик версияларынын негизги өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтүү;

-ислам Республикасынын мамлекеттүүлүгүн жана ал өлкөдө өкүм сүргөн Имам Хомейнинин "Ислам мамлекети" концепциясына талдоо жүргүзүү;

-Сауд Арабия Королдугундагы ислам мамлекетинин өзгөчөлүгүн көргөзүү;

-Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү ислам мамлекетүүлүгүнүн өзгөчөлүгүн талдоо.

Диссертациялык изилдөөнүн объектиси – XX кылымдыгы исламдагы мамлекеттүүлүк маселелери саналат.

Изилдөө ишинин предмети катары ислам мамлекеттүүлүгүнүн XX кылымдагы эволюциялык багыттары жана формалары каралат.

Диссертациялык иштин обьектиси жана предмети маселе 07.00.03 – жалпы тарых адистигинин мазмунуна жана ага коюлган талаптарга жооп берет.

**2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу төмөнкү аргументтер менен аныкталган**

Диссертациялык иш XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы, Ислам өлкөлөрүндө пайда болгон жана бекемделген мамлекеттүүлүктүн тарыхын ачып берүүгө арналган. Учурда ислам мамлекеттери эл аралык мамилелердин жана кызматташтыктардын толук кандуу катышуучулары болуп саналат. Дүйнөдө болуп жаткан окуялардын алкагында ислам мамлекеттеринин эл аралык мамилелердеги жана саясат чөйрөсүндөгү таасиринин өсүү тенденциялары «ислам мамлекеттүүлүгү» концепциясына болгон кызыгууну актуалдаштырууда.

Азыркы мезгилде Ислам мамлекеттүүлүк феномени тарых илиминде аз көңүл бурулган регионалдык жана субрегионалдык өзгөчөлүктөрдүн алкагында өнүккөндүктөн ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхый эволюциясын комплекстүү талдоо бул боштукту толтурат. Ошондуктан, илимий диссертацияда коюлган маселелерди изилдөө учур талабы десек болот.

**3. Илимий жыйынтыктар**

Каралып жаткан дисертациялык иште XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы илимий негизде комплекстүү түрдө алгачкы жолу изилденген. Изилдөөнүн далилдүү илимий жыйынтыктары бай илимий адабияттар менен тарыхый булактарга таянат.

**4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.**

Изденүүчү диссертацияда XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы илимий адабияттардын жана түрдүү булактык материалдардын негизинде ынанымдуу жана далилдүү материалдар менен бышыктаган. Ислам мамлекеттери, алардын ичинен суннит жана шиит багытындагы мамлекеттер боюнча маалыматтары чогултулуп, жыйналган материалдарга илимий талдоо берилген. Ар бир баптын жыйынтыгында корутунду берүүгө аракет жасалган.

**5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын денгээли.**

Изилденилип жаткан диссертациянын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык денгээли катары төмөнкүлордү белгилеп кетүүгө болот.

**1-жыйынтык.** Диссертант дисертацияны жазууда тарыхый-салыштырмалуу, типологиялык, хронологиялык ж.б. методдун методологиялык принциптердин негизинде XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхына байланышкан илимий эмгектер, чогултулган материалдар системалаштырылып, аларга тарыхнаамалык жана булактаанууучулук анализ берип изилденген.

**2-жыйынтык.** Ислам мамлекеттүүлүгүнүн негизги формалары, алардын айрым өлколөрдөгү классификациясы, ислам системасындагы мамлекетти куруунун негизги концепциясынын калыптанышы изилденген;

**3-жыйынтык.** Жүргүзүлгон иштердин жыйынтыгында калкынын басымдуу бөлүгүн мусулмандар түзгөн мамлекеттердеги мамлекеттик түзүлүштүн өзгөчөлүктөрүн талдоого алынган;

**4-жыйынтык.** Иран Ислам Республикасынын мамлекеттүүлүгү, ал өлкөдө өкүм сүргөн Имам Хомейнинин "Ислам мамлекети" концепциясы жана Сауд Арабия Королдугундагы ислам мамлекетинин өзгөчөлүгү изилденген.

**6. Диссертациянын илимий практикалык маанисин ачууда, изилддөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо.**

Тарыхый материалдарды хронологиялык-системага салып, диссертацияда коюлган милдет жана максаттарын ачып берүүгө аракеттенген. Демек, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөогө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**7. Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Илимий иштеги маалыматтарды, жыйынтыктарды жана сунуштарды илимий изилдөөлөрдө, долбоорлордо колдонууга болот

**8. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тема боюнча жарыяланган эмгектеринде тастыкталышы.**

Амантур уулу Э. жалпысынан 9 эмгек жарыялаган. Анын төртөөсү чет элдик басылмалардан жарык көргөн. Иш Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын койгон талаптарына жооп берет.

**9. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын кол жазмасына карата идентивдүү эки тилде (кыргыз, орус) даярдалган автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет жана диссертацияда максаты менен милдеттерине авторефераттын текстинде чагылдырылган материалдар толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилиндеги идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**10. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар**

Амантур уулу Эдилбек диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар эле, айрым бир мүчүлүштүктөргө да жол берген.

1. Ислам мамлекеттеринин ичинен эки гана мамлекетке басым жазалгандыктан жалпы анализ берүү солгун.
2. Салттуу мамлекеттер менен ислам мамлекеттерин салыштырмалуу анализдин негизинде жыйынтык берүү керек.
3. Диссертацияда диаграмма, таблицалар аркылуу изилдөөгө дагы кошумча салыштырмалуу маалыматтарды берүү керек.
4. Ислам мамлекеттериндеги саясий процесстердин ислам дини менен байланыш маселелери Кыргызстандагы коомдук байланыштарын тактоо абзел.

Диссертациянын кол жазмасынын баалуулугун аталган мүчүлүштүктөр төмөндөтпөйт. Иш илимий талаптарга ылайык жазылган өз алдынча изилдөө болуп саналат Амантур уулу Эдилбектин тарабынан берилген 07.00.03 –

жалпы тарых тарыхы боюнча **“XX кылымдыгы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы”** деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу даярдалган диссертациясынын кол жазмасын Д.07.23.671 Диссертациялык кеңештин кароосуна ачык коргоо үчүн кабыл алууга сунуш берилет.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
тарых илимдеринин доктору: Жакыпбеков Ж.

**Эксперттин колун тастыктаймын:**
Д. 07.23.671 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, т. и.д. Карыева А.К.

А. К. Карыеванын колун тастыктаймын
Кб нин башчысы Кадыров

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ